# С тамгасы




Авторлор: Жыргал Сокурова,

Венера Турдуманбетова, Бакытжан Мырзатаева

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# С тамгасы

Авторлор: Жыргал Сокурова,
Венера Турдуманбетова, Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"С тамгасы", "Бар менен Жок" (кыргыз тилинде), автор Жыргал Сокурова; "Менин досум - Сардар" (кыргыз тилинде), автор Венера Турдуманбетова; "Күн алма" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





# Бар менен жок



Сарыда бар, акта жок,
Сабырда бар, бакта жок.

Суурда бар, түлкүдө жок,
Суудa бар, күлкүдө жок.






Аскада бар, бийикте жок,

Асманда бар, кийикте жок.

Асылда бар, Апалда жок,
Асанда бар, Капалда жок.



# Менин досум



Сардар – менин досум.

Сабира – Сардардын апасы.






Ал – актриса.
Театрда ролдорду
мыкты ойнойт.



Апасы убактысынын көбүн Сардар менен өткөрөт. Сардар ыр жаттап, көркөм айтат. Апасы менен ролдорду ойнойт.


Сүрөттү сонун тартат.






Сабира апа Сардардын саамайынан сылап өөп, эркелетет.

# Күн алма



Самат сабак окуду. Саатты карап мектепке жөнөдү.

Сумкасын асынып баратса, даракта алма туруптур. Жаан жаап, алма суу экен.






Акырын колуна алып сүрттү. Жыттуусун айт, күн жыттанат!



Сапсары күндөй алма колуна батпай калды. Сумкасына салып койду.



– Ким менен бөлүп жесем? Сайрабы? Салкынбы? Балдар сураса кантип жеткирем? – деп ойлонду. Алдынан досу тосту. Салам айтып, кол кысты.



Алар сабакка кирип, парталарына отурду. Самат дептер, китебин алды. Сумкасынан алманын жыты буркурап турду. Ал жыттуу алманы апасына алып барууну каалады.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Авторлор: Жыргал Сокурова,
Венера Турдуманбетова,
Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли